# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 2

## *«Запастар»*

## Максаты

1 Ушул стандарттын максаты запастарды эсепке алуу тартибин аныктоо болуп саналат. Запастарды эсепке алууда негизги маселе болуп актив катарында таанылган жана тийиштүү алынган киреше таанылганга чейин келечектеги мезгилдерге өткөрүлгөн чыгымдардын суммасын аныктоо саналат. Ушул стандарт алгачкы наркты аныктоо жана аны кийин чыгашалар катарында таануу боюнча көрсөтмөлөрдү камтыйт, сатуунун мүмкүн болгон таза баасына чейин эсептен ар кандай чыгарууну кошкондо. Ошондой эле ал чыгымдарды запаска киргизүү үчүн колдонулуучу баштапкы наркты эсептөө формулалары боюнча көрсөтмөлөрдү камтыйт.

## Колдонуу чөйрөсү

2 **Ушул стандарт бардык запастарга карата колдонулат, төмөнкүлөрдөн тышкары:**

**(a)** [алып салынган]

**(b)** **финансылык инструменттер (*«Финансылык инструменттер: маалымат берүү»* ФОЭС (IAS) 32ни жана *«Финансылык инструменттер»* ФОЭС (IFRS) 9ду караңыз); жана**

**(c)** **айыл чарба ишмердүүлүгүнө тийиштүү биологиялык активдер жана жыйноо убагындагы айыл чарба продукциясы («*Айыл чарбасы*» ФОЭС (IAS) 41ди караңыз).**

3 **Ушул стандарт төмөнкүлөр тарабынан ээлик кылынган запастарды баалоого колдонулбайт:**

**(a)** **алар ушул тармактарда кабыл алынган практикага ылайык сатуунун мүмкүн болгон таза баасы боюнча бааланган даражада, айыл чарба продукцияларын жана токой чарба продукцияларын, жыйналгандан кийинки айыл чарба продукцияларын, ошондой эле пайдалуу кендерди жана пайдалуу кендерди кайра иштетүү продуктуларын өндүрүүчүлөр тарабынан. Эгер ушундай запастар сатуунун мүмкүн болгон таза баасы боюнча бааланса, ушул баадагы өзгөрүүлөр, ушул өзгөрүүлөр болгон мезгилдеги пайданын же зыяндын курамында таанылат;**

**(b)** **өзүнүн запастарын, аларды сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк боюнча баалаган товардык брокер-трейдерлери. Эгер ушундай запастар, аларды сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк боюнча бааланса, аларды сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарктын өзгөрүүлөрү ушул өзгөрүүлөр болгон мезгилдеги пайданын же зыяндын курамында таанылат.**

4 3(a)-пунктунда айтылган запастар өндүрүштүн белгиленген баскычтарында сатуунун мүмкүн болгон таза баасы боюнча бааланат. Бул төмөнкүдөй учурларда болот, мисалы

айыл чарба продукциясы жыйналганда же пайдалуу кендер өндүрүлгөндө, ал эми аларды сатуу форварддык келишим менен же мамлекет тарабынан кепилденсе же активдүү рынок болгондо жана сатылбай калуу тобокелдиги өтө аз болгондо. Мындай запастарга ушул стандарттын баалоого карата талаптары гана колдонулбайт.

5 Брокер-трейдерлер – башка адамдардын атынан же өзүнүн жеке эсебинен товарларды сатып алган же саткан адамдар. 3(b)-пунктунда айтылган запастар негизинен жакынкы келечекте сатуу жана баанын өзгөрүүлөрүнөн же брокер-трейдердин маржасынан пайда табуу максатында сатып алынат. Эгер мындай запастар, аларды сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркы боюнча бааланса, аларга ушул стандарттын баалоо талаптары гана колдонулбайт.

## Аныктамалар

**6 Ушул стандартта көрсөтүлгөн маанидеги төмөнкүдөй терминдер колдонулат:**

***Запастар* активдер болуп саналат:**

**(a) демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө сатуу үчүн арналган;**

**(b) ушундай сатуу максатында өндүрүш процессинде болгон; же**

**(c) өндүрүш же кызмат көрсөтүү процессинде керектелүүчү чийки зат же материалдар түрүндө турган.**

***Сатуунун мүмкүн болгон таза баасы* – өндүрүштү аяктоого жана сатууга кете турган эсептик чыгымдарды алып салгандан кийин демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндөгү сатуунун эсептик баасы.**

***Адилет нарк* – бул баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда демейки операцияны жүргүзүү учурунда активди сатууда алына турган же милдеттенмени өткөрүп берүүдө төлөнө турган баа. («Адилет наркты баалоо» ФОЭС (IFRS) 13тү караңыз).**

7 Сатуунун мүмкүн болгон таза баасы демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө ишкана запастарды сатуудан алууну көздөгөн таза сумма болуп саналат. Адилет нарк баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда негизги (же кыйла пайдалуу) рынокто ушул эле запастарды сатуу боюнча демейки операция жүргүзүлө турган ушул запастардын баасын чагылдырат. Биринчиси ишканага мүнөздүү наркты билдирет, экинчиси – жок. Запастарды сатуунун мүмкүн болгон таза баасы аларды сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарктан айырмаланышы мүмкүн.

8 Запастарга сатып алынган жана кайра сатууга арналган товарлар, анын ичинде, мисалы, чекене соода ишканасы сатып алган жана кайра сатууга арналган товарлар, же кайра сатууга арналган жер жана башка мүлк кирет. Ошондой эле запастарга даяр продукция же ишкананын бүткөрүлбөгөн өндүрүшү кирет, өндүрүш процессинде колдонууга арналган чийки затты жана материалдарды кошкондо. Запастардын (же башка стандарттын колдонуу чөйрөсүнө кирген активдердин) пайда болушуна алып келбеген, сатып алуучу менен болгон келишимди аткарууга байланыштуу кеткен чыгымдар «*Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше*» ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык эске алынат.

© ФОЭС Фонду

## Запастарды баалоо

9 Запастар төмөнкү эки сумманын эң азы боюнча бааланууга тийиш: баштапкы нарк боюнча же сатуунун мүмкүн болгон таза баасы боюнча.

### Запастардын баштапкы наркы

10 Запастардын баштапкы наркы запастарды сатып алууга жумшалган бардык чыгымдарды, кайра иштетүү чыгымдарын жана учурдагы жайгашкан жерин жана абалын камсыздоого жумшалган башка чыгымдарды камтышы керек.

### Сатып алуу чыгымдары

11 Запастарды сатып алуу чыгымдары сатып алуу баасын, импорттук алымдарды жана башка салыктарды (салык органдары тарабынан ишканага кийин орду толтурулган салыктардан тышкары), ошондой эле транспорттоого, жүктөөгө-түшүрүүгө кеткен чыгымдарды жана даяр продукцияны, материалдарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга түздөн-түз тийиштүү башка чыгымдарды өзүнө камтыйт. Соода арзандатуулары, бааны төмөндөтүү жана башка ушундай беренелер сатып алууга кеткен чыгымдарды аныктоодо алып салынууга тийиш.

### Кайра иштетүү чыгымдары

12 Запастарды кайра иштетүү чыгымдары продукцияны өндүрүүгө түздөн-түз байланышкан эмгек акы сыяктуу тикелей чыгымдарды өзүнө камтыйт. Ошондой эле алар чийки затты даяр продукцияга кайра иштетүүдө пайда болуучу системалуу бөлүштүрүлгөн туруктуу жана өзгөрүлмө өндүрүштүк кошумча чыгашаларды камтыйт. Туруктуу өндүрүштүк кошумча чыгашалар – бул өндүрүштүн көлөмүнө карабастан салыштырмалуу өзгөрүүсүз калган кыйыр өндүрүштүк чыгымдар, мисалы өндүрүштүк процессте колдонулуучу өндүрүштүк имараттарды, жабдууларды жана колдонуу укугу формасындагы активдерди амортизациялоо жана тейлөө, ошондой эле өндүрүшкө байланышкан башкаруучулук жана административдик чыгымдар. Өзгөрүлмө өндүрүштүк кошумча чыгашалар – бул өндүрүштүн көлөмүнө түздөн-түз көз каранды болгон кыйыр өндүрүштүк чыгымдар, мисалы чийки затка кеткен кыйыр чыгымдар же эмгек акыга кыйыр чыгымдар.

13 Туруктуу өндүрүштүк кошумча чыгашаларды кайра иштетүү чыгымдарына киргизүү өндүрүштүк кубаттуулуктарды нормалдуу иштетүүнүн негизинде жүргүзүлөт. Нормалдуу иштетүү – бул пландык тейлөөгө байланышкан өндүрүмдүүлүк жоготууларын эске алуу менен, нормалдуу шарттарда бир катар мезгилдердеги же иш сезондорундагы орточо көрсөткүчтөргө жараша алуу күтүлгөн өндүрүштүн көлөмү. Өндүрүштүн иш жүзүндөгү көлөмү, эгер ал нормалдуу өндүрүмдүүлүккө болжолдуу шайкеш келген учурда колдонулушу мүмкүн. Продукциянын ар бир бирдигине киргизилген туруктуу кошумча чыгашалардын суммасы өндүрүштүн төмөн деңгээлинин же токтоп калуулардын натыйжасында көбөйбөйт. Бөлүштүрүлбөгөн кошумча чыгашалар пайда болгон мезгилде чыгашалар катарында таанылат. Өндүрүштүн өзгөчө жогорку деңгээлиндеги мезгилдерде продукциянын ар бир бирдигине киргизилген туруктуу кошумча чыгашалардын суммасы запастар баштапкы наркынан жогору бааланбагандай болуп азайат. Өзгөрүлмө өндүрүштүк

© ФОЭС Фонду

кошумча чыгашалар өндүрүштүк кубаттуулуктарды иш жүзүндө колдонуунун негизинде продукциянын ар бир бирдигине кирет.

14 Өндүрүш процессинде бир эле убакта бир продукттан ашык өндүрүлүшү мүмкүн. Бул мисалы биргелешип өндүрүлгөн продуктуларды же негизги продуктуну жана кошумча продуктуну өндүрүүдө болот. Эгер ар бир продуктунун кайра иштетүү чыгымдарын өзүнчө идентификациялоого мүмкүн болбосо, алар продуктулар арасында пропорционалдуу жана ырааттуу негизде бөлүштүрүлөт. Мисалы, бөлүштүрүү ар бир продуктуну сатуунун тиешелүү наркынын негизинде же болбосо продуктулар өзүнчө идентификацияланганда өндүрүш процессинин стадиясында же болбосо өндүрүш аяктаганда жүргүзүлүшү мүмкүн. Кошумча продуктулардын көпчүлүгү өз табияты боюнча маанилүү болуп саналбайт. Мындай учурларда алар көбүнчө сатуунун мүмкүн болгон таза баасы боюнча бааланат жана бул нарк негизги продуктунун баштапкы наркынан алып салынат. Натыйжада негизги продуктунун баланстык наркы анын баштапкы наркынан бир аз айырмаланат.

## Башка чыгымдар

15 Башка чыгымдар запастардын учурдагы жайгашкан жерин жана абалын камсыздоо үчүн кеткен өлчөмдө гана запастардын баштапкы наркына киргизилет. Мисалы запастардын баштапкы наркына өндүрүштүк эмес кошумча чыгашаларды же конкреттүү кардарлар үчүн продуктуларды иштеп чыгуу боюнча чыгымдарды киргизүү максаттуу болушу мүмкүн.

16 Запастардын баштапкы наркына киргизилбеген жана пайда болгон мезгилде чыгашалар катарында таанылган чыгымдардын мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) чийки заттын, кеткен эмгектин же башка өндүрүштүк чыгымдардын ченемден ашыкча жоготуулары;

(b) сактоого кеткен чыгымдар, эгер алар өндүрүш процессинде кийинки өндүрүш баскычына өтүү үчүн талап кылынбаса гана;

(c) запастардын учурдагы жайгашкан жерин жана абалын камсыздоого жардам бербеген административдик кошумча чыгымдар; жана

(d) сатуу чыгымдары.

17 «*Зайымдар боюнча чыгымдар*» ФОЭС (IAS) 23 зайымдар боюнча чыгымдар запастардын баштапкы наркына киргизилген сейрек учурларды аныктайт.

18 Ишкана кийин төлөө шарттарында запастарды сатып алышы мүмкүн. Эгер макулдашуу кадимки соода кредитинин шарттарында сатып алуу баасы менен төлөнгөн сумманын ортосундагы айырма катарындагы каржылоо элементин иш жүзүндө камтыса, андай элемент каржылоо мезгилинин ичинде пайыздарды төлөө чыгашалары катарында таанылат.

19 [Алып салынган]

## Биологиялык активдерден алынган, жыйналган айыл чарба продукциясынын баштапкы наркы

20 *«Айыл чарбасы»* ФОЭС (IAS) 41ге ылайык ишкана өзүнүн биологиялык активдеринен алган, жыйналган айыл чарба продукциясынан турган запастар алгачкы таанууда сатуу чыгымдарын алып салгандан кийин жыйналган учурда адилет наркы боюнча бааланат. Бул ушул стандартты колдонуу алкагында белгиленген күнгө карата запастардын баштапкы наркы болуп саналат.

## Баштапкы наркты баалоо методдору

21 Ченемдик чыгымдар боюнча эсепке алуу методу же чекене баалар боюнча эсепке алуу методу сыяктуу запастардын наркын баалоонун ушундай методдору ыңгайлуу болуш үчүн колдонулушу мүмкүн, эгер аларды колдонуу натыйжалары баштапкы нарктын көлөмүнө болжол менен туура келсе. Ченемдик чыгымдар чийки затты жана материалдарды, эмгекти, натыйжалуулукту жана өндүрүмдүүлүктү нормалдуу керектөө деңгээлин эске алат. Аларга дайыма талдоо жүргүзүлөт жана зарылдыгына карата учурдагы шарттарды эске алуу менен кайра каралат.

22 Чекене баалар методу баштапкы наркты аныктоонун башка методдорун колдонуу мүмкүн болбогон пайданын бирдей ченеми менен көп сандагы бат өзгөрүүчү беренелерден турган запастарды баалоо үчүн чекене соодада көп колдонулат. Запастардын бирдигинин баштапкы наркы ушул запастардын бирдигинин сатуу баасын дүң маржанын тийиштүү пайызына азайтуу аркылуу аныкталат. Колдонулган пайыздын көлөмүн аныктоодо запастардын наркы аларды алгачкы сатуунун баасынан төмөн деңгээлге чейин азайтылган запастар эске алынат. Чекене сооданын ар бир бөлүмү үчүн пайыздын орточо көлөмү көп колдонулат.

## Баштапкы наркты эсептөө формулалары

**23 Адатта бири-бирин алмаштырбаган запастардын, ошондой эле конкреттүү долбоорлор үчүн өндүрүлгөн жана бөлүнгөн товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн беренелеринин баштапкы наркы ар бир бирдиктин баштапкы наркы боюнча аныкталууга тийиш.**

24 Ар бир бирдиктин баштапкы наркынын методу кеткен чыгымдардын запастардын белгиленген бирдиктерине таандыгын болжолдойт. Бул эсепке алуу тартиби конкреттүү долбоорлор үчүн бөлүнгөн бирдиктерге туура келет, алар сатып алынганына же өндүрүлгөнүнө карабастан. Ошентсе да адатта бири-бирин алмаштырган көп сандагы запастардын бирдиги болгон учурларда ар бир бирдиктин баштапкы наркын эсептөө орундуу эмес. Мындай жагдайларда пайдага же зыянга алдын-ала аныкталган таасирди алуу үчүн запаста калган ошол позицияларды тандоо методун колдонууга болмок.

25 **Запастардын баштапкы наркы, 23-пунктта каралгандардан тышкары, «биринчи түшүү – биринчи сатуу» (ФИФО) формуласы боюнча же орточо эсептелген нарк боюнча аныкталууга тийиш. Ишкана окшош өзгөчөлүктөргө жана ишкана колдонгон мүнөзгө ээ бардык запастар үчүн баштапкы наркты эсептөөнүн бир эле формуласын колдонушу керек. Окшош өзгөчөлүктөргө же колдонуу мүнөзүнө ээ эмес запастарга карата баштапкы наркты эсептөөнүн түрдүү формулаларын колдонуу туура болот.**

© ФОЭС Фонду

26 Мисалы бир операциялык сегментте колдонулуучу запастар ишкана тарабынан башка операциялык сегменттеги ушундай запастарга караганда башкача колдонулушу мүмкүн. Ошентсе да запастардын географиялык жайгашкан жериндеги (же колдонулган салык эрежелериндеги) айырма баштапкы наркты эсептөөнүн түрдүү формулаларын колдонуу үчүн жетиштүү негиз болуп саналбайт.

27 ФИФО формуласы биринчи сатып алынган же өндүрүлгөн запастардын бирдиктери биринчи сатылат, натыйжада мезгилдин аягында запаста калган беренелер акырында сатып алынган же өндүрүлгөн деген болжолдон келип чыккан. Орточо эсептелген нарк боюнча эсептөө формуласына ылайык ар бир березенин баштапкы наркы мезгилдин башына ушундай беренелердин баштапкы наркынын жана мезгил ичинде сатып алынган же өндүрүлгөн ушундай беренелердин баштапкы наркынын орточо көлөмүнүн негизинде аныкталат. Орточо көлөм мезгил-мезгили менен же ишкананын иш өзгөчөлүгүнө жараша ар бир жаңы партияны алууда эсептелиши мүмкүн.

## Сатуунун мүмкүн болгон таза баасы

28 Запастардын баштапкы наркы алар бузулган, толук же бөлүгү эскирген же аларды сатуу баасы төмөндөгөн учурларда орду толтурулбашы мүмкүн. Запастардын баштапкы наркы өндүрүштү аяктоого эсептик чыгымдар же сатууга эсептик чыгымдар көбөйгөн учурда дагы орду толтурулбашы мүмкүн. Запастарды баштапкы наркынан төмөн сатуунун мүмкүн болгон таза баасынын деңгээлине чейин эсептен чыгаруу практикасы, активдерди аларды сатуудан же колдонуудан күтүлгөн суммадан ашыкча нарк боюнча эсепке албоону караган принцип менен макулдашылат.

29 Запастар адатта сатуунун мүмкүн болгон таза баасына чейин ар бир объект боюнча эсептен чыгарылат. Бирок айрым учурларда окшош же бири-бири менен байланышкан запастардын бирдиктерин топтоо максаттуу болушу мүмкүн. Бул бирдей багытка же акыркы колдонууга ээ бир эле товардык ассортиментке таандык, бир эле географиялык тармакта өндүрүлгөн же сатылган жана ошол эле товардык ассортименттин башка беренелеринен өзүнчө баалоого мүмкүн болбогон запастардын бирдиктери менен болушу мүмкүн. Запастарды алардын классификациясына карап эсептен чыгаруу туура эмес ыкма болуп саналат, мисалы даяр продукцияны эсептен чыгаруу же конкреттүү тармакта же географиялык сегментте бардык запастарды эсептен чыгаруу.

30 Сатуунун мүмкүн болгон таза баасын эсептик баалоолор ушундай баалоолорду аткаруу учурунда запастарды сатуудан алууга болгон сумманы тастыктоонун эң ишенимдүүсүнө негизделет. Ушул баалоолор мезгил аяктагандан кийин болгон окуяларга түздөн-түз тийиштүү баалардын же баштапкы нарктын өзгөрүүлөрүн ушундай окуялар ушул мезгилдин аягында болгон шарттарды тастыктагандай деңгээлде эске алат.

31 Сатуунун мүмкүн болгон таза баасынын эсептик баалоолору болгон запастын арналышын дагы эске алат. Мисалы белгиленген баалар боюнча товарларды сатуу же кызмат көрсөтүү келишимдерин аткарууга арналган запастардын ошол көлөмүн сатуунун мүмкүн болгон таза баасы ушул келишимдерде көрсөтүлгөн баанын негизинде аныкталат. Эгер сатуу келишимдерин аткарууга багытталган запастардын көлөмү тийиштүү запастардын жалпы көлөмүнөн аз болсо, анда артып калганын сатуунун мүмкүн болгон таза баасы жалпы сатуу бааларынын негизинде аныкталат. Белгиленген баада товарларды сатуу келишимдери

боюнча запастардын көлөмү болгон запастардын көлөмүнөн ашып кеткен учурда же бекемделген баада запастарды сатып алуу келишимдеринин учурунда баалануучу резервдер пайда болушу мүмкүн. Мындай баалануучу милдеттенмелер «*Баалануучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер*» ФОЭС (IAS) 37нин карoo предмети болуп саналат.

32 Өндүрүштө колдонууга арналган чийки зат жана башка материалдар, эгер алар курамына кирген даяр продукцияны баштапкы наркына туура келген же баштапкы наркынан жогорку баада сатуу болжолдонсо, баштапкы наркынан төмөн деңгээлге чейин эсептен чыгарылбайт. Ошентсе да, эгер чийки заттын төмөндөтүлгөн баасы даяр продукциянын баштапкы наркы сатуунун мүмкүн болгон таза баасынан ашып кеткенин көрсөтсө, чийки зат сатуунун мүмкүн болгон таза баасына чейин эсептен чыгарылат. Мындай учурларда чийки затты алмаштырууга жумшалган чыгымдар аны сатуунун таза бааларынын ичинен эң мыктысы болушу мүмкүн.

33 Ар бир кийинки мезгилде сатуунун мүмкүн болгон таза баасын талдоо жаңыдан аткарылат. Эгер запастарды баштапкы наркынан төмөн деңгээлге чейин эсептен чыгаруу зарылдыгын шарттаган кырдаалдар болбой калса же өзгөргөн экономикалык шарттардан улам сатуунун мүмкүн болгон таза баасы көбөйүшүнүн ачык далили болсо, эсептен чыгарылган мурдагы сумма жаңы баланстык наркы эки сандын эң азына: баштапкы наркка же кайра каралган сатуунун мүмкүн болгон таза баасына – туура келгендей болуп калыбына келтирилет (б.а. калыбына келтирүү алгачкы эсептен чыгаруу суммасынын чегинде жүргүзүлөт). Мисалы, бул мурда сатуу баасы төмөндөгөндүктөн, сатуунун мүмкүн болгон таза баасы боюнча эске алынуучу запастардын кандайдыр бир бирдиги кийинки мезгилде дагы деле запаста калганда, ал эми анын сатуу баасы жогорулаганда болот.

### Чыгашалар катары таануу

**34 Запастарды сатууда ушул запастардын баланстык наркы тийиштүү түшкөн киреше таанылган мезгилде чыгашалар катарында таанылууга тийиш. Запастардын наркын сатуунун мүмкүн болгон таза баасына чейин бардык эсептен чыгаруу суммасы жана запастардын бардык жоготуулары эсептен чыгаруу же жоготуулар болгон мезгилде чыгашалар катарында таанылышы керек. Сатуунун мүмкүн болгон таза баасынын жогорулашынан улам мурда жүргүзүлгөн запастарды эсептен чыгаруу боюнча бардык калыбына келтирүү суммасы калыбына келтирүү жүргүзүлгөн мезгилде чыгашалардын курамында чагылдырылган запастардын көлөмүнүн азайышы катарында таанылууга тийиш.**

35 Айрым запастар активдердин башка эсептерине кириши мүмкүн, мисалы өз күчү менен түзүлгөн негизги каражаттардын компоненти катарында колдонулган запастар. Башка активдерге киргизилген запастар тийиштүү активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде чыгашалар катарында таанылат.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

**36 Финансылык отчеттуулук төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүшү керек:**

© ФОЭС Фонду

(a) **запастарды баалоо үчүн кабыл алынган эсеп саясатынын принциптерин, баштапкы наркты эсептөөнүн колдонулган формуласын кошкондо;**

(b) **запастардын жалпы баланстык наркын жана ушул ишкана колдонгон классификациялар боюнча запастардын баланстык наркын;**

(c) **запастарды сатууга жумшалган чыгымдарды алып салгандан кийин адилет нарк боюнча эске алынуучу запастардын баланстык наркын;**

(d) **отчеттук мезгилдин ичинде чыгашалар катарында таанылган запастардын көлөмүн;**

(e) **34-пунктка ылайык отчеттук мезгилде чыгаша катарында таанылган запастардын наркын бардык эсептен чыгаруунун суммасын;**

(f) **34-пунктка ылайык отчеттук мезгилде чыгашалардын курамында чагылдырылган запастардын көлөмүн азайтуу катарында таанылган эсептен чыгарууну бардык калыбына келтирүү суммасын;**

(g) **34-пунктка ылайык запастардын наркын эсептен чыгарууну калыбына келтирүүгө алып келген жагдайларды же окуяларды; жана**

(h) **милдеттенмелерди камсыздоо катарында күрөөгө берилген запастардын баланстык наркын.**

37 Запастардын классификациясы боюнча баланстык нарк жөнүндө жана ушул активдердеги өзгөрүүлөрдүн масштабы жөнүндө маалымат финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар үчүн пайдалуу. Эрежедегидей, запастар төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт: товарлар, чийки зат, материалдар, бүткөрүлбөгөн өндүрүш жана даяр продукция.

38 Көбүнчө сатуунун баштапкы наркы деп аталуучу, мезгилдин ичинде чыгашалар катарында таанылган запастардын көлөмү сатылып кеткен запастарды баалоого мурда киргизилген чыгымдардан, ошондой эле бөлүштүрүлбөгөн өндүрүштүк кошумча чыгашалардан жана запастардын ченемден ашыкча өндүрүштүк баштапкы наркынан турат. Ишкананын ишмердүүлүгүнүн иш өзгөчөлүгү продукцияны сатууга жумшалган чыгымдар сыяктуу башка суммаларды киргизүүнү талап кылышы мүмкүн.

39 Айрым ишканалар отчеттук мезгилдин ичинде чыгашалар катарында таанылган запастардын баштапкы наркынын ордуна башка суммаларды ачып көрсөтүүнү караган пайдалар жана зыяндар жөнүндө отчеттун форматын колдонушат. Ушул форматка ылайык ишкана чыгымдардын мүнөзүнө негизделген классификацияны колдонуу менен чыгашаларды талдоону берет. Мындай учурда ишкана чийки затка жана сарптоо материалдарына, эмгек акы чыгымдарына жана башка чыгымдарга карата чыгашалар катарында таанылган чыгымдар жөнүндөгү маалыматты мезгилдеги запастардын калдыктарынын таза өзгөрүү суммасы менен ачып көрсөтөт.

## Күчүнө кирүү күнү

40 Ишкана ушул стандартты 2005-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет.

Эгер ишкана ушул стандартты 2005-жылдын 1-январына чейин башталган мезгил үчүн колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

40A [Алып салынган]

40B [Алып салынган]

40C 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 13 6-пункттагы адилет нарктын аныктамасына, ошондой эле 7-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 13 менен бир эле убакта колдонушу керек.

40D [Алып салынган]

40E 2014-жылдын майында чыккан *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15 2, 8, 29 жана 37-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 15 менен бир эле убакта колдонушу керек.

40F 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 менен 2-пунктка түзөтүү киргизилди жана 40A, 40B жана 40D-пункттар алып салынды. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9 менен бир эле убакта колдонушу керек.

40G 2016-жылдын январында чыгарылган *«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16 нын 12-пунктуна түзөтүүлөр киргизилди. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 16 менен бир эле убакта колдонушу керек.

## Башка документтерди колдонууну токтотуу

41 Ушул стандарт «*Запастар*» ФОЭС (IAS) 2ни (1993-жылы кайра каралган) алмаштырат.

42 Ушул стандарт «*Ырааттуулук – Запастар үчүн баштапкы наркты эсептөөнүн түрдүү формулалары*» ТТК (SIC) 1ди алмаштырат.

© ФОЭС Фонду